*УДК: 894.341-8-131*

**Темирова Б.Т.З, ф.и.к., доцент, ОшМУ**

# К. Тыныстановдун «Манастын күмбөзү» ыры жөнүндө

*К. Тыныстановдун «Манастын күмбөзү» ыры манас темасындагы көркөм туунду катары иликтөөгө алынды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Манас, поэзия, акын, психология, көркөмдүүлүк, тарых.*

*В статье тема манаса исследуется как художественная находка стихотворенияхК. Тыныстанов «Күмбөз Манаса».*

***Ключовые слова:*** *Манас,поэзии, поэт,психология,художественность, история.*

Таланттуу акын, драматург, котормочу, илимпоз, коомдук ишмер К. Тыныстанов кыргыз адабиятынын көч башында туруп, чыгармачылыгында да манас темасына биринчилерден болуп кайрылган. Аны 1925-жылы Москвада жарык көргөн тунгуч «Касым ырлар жыйнагына» кирген «Манастын күмбөзү» аттуу ыры далилдеп турат. Ырдын жазылыш тарыхына кандай мотивдер түрткү болгон деген собол туулат. Элдик адабияттын каймагы калпыла элек айыл жеринде өсүп жетилген, табиятынан зирек К.Тыныстанов көктөйүнөн «Манасты» көкүрөгүнө түйүп, жан-дүйнөсүнө сиңирген, мезгил өткөн сайын улам аң-сезиминде өнүккөн түрдө жандуу жашап келген. Замандаштары анын кадимкидей “Манас” айтканын, төкмөчүлүк чоң таланты бар экендигин эскерип жазышкан. Ошондуктан акын «Манастын күмбөзү»аттуу ырын жазып жатканда, эпостогу калк энеси Каныкейдин баатырдын көзү өткөндө күмбөз салганы тууралуу күчтүү окуядан да таасир алган чыгар. Кылымдардан бери Таластагы «Манастын күмбөзү» элибиздин зыярат кылган жерине айланып калгандыктан, ал ыйык күмбөздү өз көзү менен көрүп жазганы ырдын мазмунунан ачык байкалат.

К. Тыныстанов 20-жылдардын башында казак-кыргыз агартуу институтунда билим алуу менен бирге Түркстан АССРинин илим комиссиясынын кыргыз бөлүмүндө катчы болуп эмгектенген. Ошол мезгилде ал Бартольддун «Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью 1893-1894» аттуу илимий эмгеги 1903-жылы «Туркестанские ведомости» журналынын 98-санына жарыяланган. Алибий деген псевдоним менен жарык көргөн автордун Манастын күмбөзүн сүрөттөгөн «Таластын бийигинде» жана П. Фалевдин «Кара кыргыз жомогу кандайча курулат» аттуу «Наука и жизнь» журналынын 1922-жылдын №1 санына жарыяланган макалалары менен да тааныштыгыболсо керек. Мына ушундай турмуштук, адабий, илимий таасирлер акындын терең тарыхый мазмунга бай, акылга жугумдуу, көркөм-эстетикалык жагынан күчтүү ырынын жаралышына түрткү болгон .

Орто кылымга (14-к.) таандык «Манастын күмбөзү» архитектуралык эстелик жөнүндө алгачкы малымат 1897-жылы В.В. Бартольддун илимий отчетунда кездешип, М.А. Беленицкий толук окуса, айрым өзгөртүүлөрдү М.Е.Массон киргизген. Натыйжада Дуба кан эмири Абуке кызы Кенизек-Хатундун урматына тургузулгандыгы маалымдалган.

Аталган архитектуралык кооз курулушту тээ байыртадан эле элибиз «Манастын күмбөзү» деп атап келген. «Манас» темасына кайрылганда, автордун эң оболу баатырдын күмбөзүн ырга салышы да тарыхый көп маанини туюнтуп турат. Акын Манаска арналган күмбөздү мындайча жандуу, таасирдүү сүрөттөйт:

Манастын эл бакканын, эл чапканын,
Кимдигин, кандайлыгын чын аныктап.
Мурун да окуучуга сүйлөп берген
Айлана дубалына жазылган кат [4.46].

Табиятынан таланттуу акын кылымдар бою кыргыз эли мекендеп келген Ала-Тоонун керемет жерлерин даңазалап келет да, окурмандын көңүлүн «Таластын так боюндагы чоң күмбөзгө» буруп, «коюлган өткөн күндө баатыр Манас» деп оор күрсүнүү менен эскерет. Эпикалык каарман Манаска арналып, жүздөгөн жылдар мурун тургузулган күмбөз Ата журт, мекен түшүнүгүнүн символикасына айланган. Улуттук баатыр, жол башчынын тагдыры, ак ниет кызматы, калк тарыхынын ачылбаган көп сырлары көрөсөндүү курулуштун дубалындагы сырдуу жазууларда экендигин чеберчилик менен сүрөттөп берген. Элдик ишенимде «Манас» эпосундагы каармандарды урматтоо ал түгүл ыйык тутуу салттык көрүнүшкө айланып калган. Ошондуктан улуттук сыймыкка бөлөнгөн кейипкерлер, минген тулпарлары, жүргөн жерлери уламыш-аңызга айланып, кыргыздын кооз жерлерине, тоо-таштарына, кашка сууларына, мазар, күмбөз жайларына алардын ысымдары ардакталып ыйгарылган. Муну менен эпостогу Манас баштаган башкы каармандар аттары өчпөй түбөлүккө жашаса деген элдик идеал жатат.

«Семетей» эпосунун, дээрлик көпчүлүк варианттарында Каныкейдин Манастын күмбөзүн салдырганы жөнүндө баяндалат.

Белгилүү болгондой, эпосто Манастын күмбөзү Таластын оюнда, Кең-Колдун боюндагы «Чоң-Ак-Чийдин» четинде кара жолдун үстүндө курулган делсе, айрым варианттарда Талас суусунун жээгиндеги Төрткүлдүн төмөн жагында Кайнардын дал өзүндө деп айтылат. Эпосто Каныкей күмбөздүн тарыхын, кандай курулуш материалдарды колдонгону, дубал бетиндеги сүрөттөрдүн ар биринин тарыхын чечмелеп бергени кызыктуу баяндалат. Эстеликтин Манастын күмбөзү деп аталышы тегин жерден чыккан эмес, эпосто кеңири чагылышынын да байланышкан түпкү себептери бар.

Эбаккы өткөн күндүн изин чалып,
Ырчысы ырга кошуп атын жаттайт,
Комузчу күңгүрөнүп, күүгө салып [4. 47].

Акын ырында Манастын күмбөзүн өз көзү менен көрүп, таасирленип жазгандыгына шек жок. Анткени Таластын кайсы жеринде салынганын даана көрсөтүп, ошол кездеги оор абалын, дубалдары тешилип, жазуулары өчүп калганын кейиштүү айтат. Көрөсөндүү архитектуралык тарыхый эстеликтин калкыбыз үчүн баа жеткис кымбаттыгын, миңдеген жылдардын тарыхый күбөсү экенин, аны көздүн карегиндей сактоону ошол кездерде эле акын эскерткен экен. Акын эпос жөнүндө түздөн-түз сөз кылбаса да баатыр жөнүндөгү улуу сөздү «ырчысы ырга кошуп жаттайт, комузчу күңгүрөнүп күүгө салат», – деп эл оозунда кылымдап жашап келаткан ырларда, күүлөрдө баатырдын эрдиктери эле даңаза болбостон, элдин көргөн азап-тозогу, кайгы-муңу датаамай чагыла тургандыгын эске салат. Акындын ырында «чачылганды жыйнап, үзүлгөндү улаган» Манас баатырдын образы күмбөз – деталь аркылуу тарыхый контекстте берилген. Ал тарыхый мазмундуу ырын жаңы формалык түзүлүштө ишке ашырган.

К. Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасынан жана «Манастын күмбөзү» ырларынан таасын көрүнгөндөй, эпостун байлыгына, улуттук рухтун калыптанышын жазма поэзияда жандандырууда терең маданиятты, турмушту таанып билүү өзгөчөлүгү, тарыхый-социалдык курч туюмуадабий мураска аң-сезимдүү мамиле жасоонун үлгүлүү көркөм сабактарын көргөзө алган. Анын ырынын ар бир сабы терең эстетикалык-философиялык мазмунга, эмоционалдык күч-кубатка ээ.

Бул күндө ырайымсыз жат колунан,
Мурунку жазуу-сызуу түшкөн урап.
Али да турат күмбөз таңыркатып,
Көргөндү ойлондурат көңүлүн тартып [4. 48].

Акын улуттун тарыхын, маданий баалуулугун кастарлаган мекенчил атуул катары Манас баатырдын күмбөзүн даңазалап жатып, «Бул күндө ырайымсыз жат колунан, мурунку жазуу-сызуу түшкөн урап» деген түрмөктөн улам Совет доорунда улуттун байыркы маданиятына каршы жүргүзүлгөн саясий идеологиянын кесепеттеринен ата

бабалар курган архитектуралык кооз курулуштар, медресе, мечит, күмбөздөр эскинин калдыгы, саркындысы катары талкаланып жок болгону, нэ бир адабий мурастар өрттөлгөнү, анын ичинде «Манастын» «көкбөрүгө» айланган катаал тагдыры эске түшөт. К. Тыныстанов ырында мындай тарыхый чындыкты урпактарга ачык туюнтуп жатканы маанилүү. Ал жаштайынан мекенинен сыртта жүрүп, башка коомдук шарттарга, чөйрөгө аралашып, ар тараптуу билими, терең интеллекти өсүп калганы, партиялык кызматтарда иштеп, келечекке социалдык көрөгөчтүгү, мезгилге сезимтал мамилеси даана байкалат. Ошондуктан ал калемдештериндей адабият менен саясатты бир түшүнүк катары кабылдабай, тескерисинче искусствонун чыныгы касиетин, элге кызматын сын көз менен карап, эртерээк туюнган. Ошондуктан замандаштары тарабынан ырлары адилетсиз сынга тушугуп жокко чыгарылган, идеясы бузук «улутчул», «контрреволюционер», «Алаш-ордочул» деген саясий жарлыктар тагылган. К. Тыныстанов социалисттик түзүлүштүн калыбына түшпөгөн, адамдык натурасы өзгөчө, коомго, турмушка, адабиятка болгон эркин ой жүгүртүүсү бар, өз мезгилинен алда канча озуп жашаган адам болон. Өзү менен замандаш акындар Октябрь төңкөрүшүнө чейинки кыргыз тарыхын жокко чыгарып жатса, К. Тыныстанов казак менен кыргыз эркин жашаган эл болгондугун ачык текст менен жазганын профессор О. Ибраимов: «Өткөн доорлорду жалаң «караңгы тор», «шум заман», «тар заман», «зар заман» деп бир беткей эпитеттер менен өз коллегалары бир оздон шөкөттөп жаткан кезде Касым кайра минтип жазып отурса. Албетте, ага жумурткадан кыр издеп турган замандаштары эч качан «бали» деп айтмак эмес», – дейт [2.144].

20-30-жылдагы кыргыз жазма адабиятын изилдөөгө бороз салган С. Жигитовдун таамай айтылган сөзү К. Тыныстановдун поэтикалык дүйнөсүнүн ички сырына басым койгон: «Биздин акын башка элдердин поэзиялык үлгүлөрүнөн күчтүү дем-шык үрөп алган, ошону менен өз калкынын ырдык речин кыйла эле жаңыча, өзгөчө, сулуу, жаңырыктуу сүйлөтүүгө жетишкен… К. Тыныстановдун поэзиясы ырдык техника, тилдик курулуш жагынан өз учурунан алдыга озуп турган көрүнүш эле» [1. 95].

Таланттуу сүрөткер түркий жана орус адабиятын мыкты билген, «Манас» баштаган элдик фольклордун бай казынасын терең өздөштүргөн, оозеки поэзия менен жазма маданияттын табийгы байланышын жана өткөөл чегин эң жакшы түшүнгөн, ошол эстетикалык-философиялык түйүндү чечүүгө өзүндө болгон чыгармачылык дараметин жумшаган. Сөз өнөрүнө болгон мамиле ар кимдин жеке өзүнөн, шык-жөндөмүнөн башталат, андыктан К. Тыныстанов өз мезгилиндеги калемдештерине караганда сөз менен иштөө, образдуу ойлонуу маданияты, ыр токуу чеберчилиги, мазмун менен форманын айкалышы боюнча бир топ алдыда жүргөн болчу. Дээрлик манас темасын иштөөдө жыйырманчы жылдары эле нукура поэзиянын туундуларын жараткан Касым Тыныстановдун чыгармалары замандаш калемгерлерден тематикалык-идеялык, жанрдык-стилдик, көркөмдүк жактан да кескин айырмаланып турган.

К. Тыныстанов «Жаңыл Мырза» поэмасында, «Манастын күмбөзү» ж.б. ырларында түптүү кыргыз эли революцияга чейин эле улут катары көчмөн турмушта жашап, өзүнө таандык тарыхы, маданияты,«Манас»баштаган бай фольклору, эл чыгармачылыгынын көөнөрбөс мурастары, каада-салты, үрп-адаты, көрүнүктүү инсандары болгондугун көтөрүп чыгат. Тарыхый тагдырыбызга балта чаап, баарын жерип жокко чыгарбастан, кайра өткөндүн сабактары менен бүгүнкү күндүн жетишкен ийгиликтерин айкалыштырып турсак, келечекке карай кадам таштасак деген маселени кабыргасынан коет. Ошентип, кыргыз жазма адабияты телчигүү мезгилинен баштап саясий тап күрөшүнүн куралына айланган, социалисттик идеология репрессиялык аң-сезимге алып келген, баш көтөргөн таланттуу сүрөткерлер курмандыкка чалынган каардуу заманда элдин тарыхы, көөнө мурастары, «Манас» эпосу «адабияттын актай барактарына» айланып келгени белгилүү.

**Адабияттар**

1. Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. – Б:. Адабият, 1991.

2. Ибраимов О. Касым Тыныстанов жана ал жашаган доор. Кыргыз маданияты, 1991, 10-октябрь, №41.
3. Семетей. 3-том. – Б:. Кыргыз китеп борбору, 2014.
4. Тыныстанов К. Капастан чыккан ырлар. – Б:. Бийиктик, 2006.

**OSHGU TEMIROVA B.T., docent,**
Baktygul.6565@mail.ru

## The description of Manas's tomb in the songs of K. Tynystanov

*The song "Manas monumement" by K. Tynystanov is the first version in the topple Manas.*
**Key word:** *Manas, poet, poem, psychology artistic history.*